ББСБЖМТУБдун 2023 - жылдын “27” ноябрындагы
№ 48 - буйругу менен бекитилди
*(Негизи: 2023-жылдын 23-ноябрындагы
№ 5460/1 КР ББИМдин буйругу)*

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 4 - класстын окуучуларынын билим алуусунун жетишкендиктерине жыйынтыктоочу баалоо жүргүзүү жөнүндө Нускама

**Мазмуну**

I. Жалпы эрежелер;
II. Тестирлөө боюнча мугалимдер үчүн нускама;
III. Отчеттун түрүн колдонуу боюнча нускама.

## I. Жалпы эрежелер

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 4 - классынын окуучуларынын билим алуусунун жетишкендиктерине жыйынтыктоочу баалоо жүргүзүү жөнүндө Нускама (мындан ары - Нускама) 4-классынын окуучуларынын 1 жана 2 - чейректик стандартташтырылган тестирлөө формасында жыйынтыктоочу баалоону өткөрүү тартибин аныктайт.
2. Стандартташтырылган тесттер Кыргыз Республикасынын 4-классынын окуучуларынын предметтик компетенциялары боюнча жыйынтыктоочу билим алуусунун жетишкендиктерин аныктоого багытталган.
3. Тестирлөөнү өткөрүүнүн максаты 10 жаштагы окуучулардын окуу компетенцияларын калыптандырууда башталгыч класстардын мугалимдеринин жыйынтыктоочу тесттик билимин контролдоону колдонуу боюнча кесиптик жөндөмдөрүн өнүктүрүү болуп саналат.
4. Бул курактык топтогу окуучулардын билим жетишкендиктерин жыйынтыктоочу баалоонун милдеттери:
- тестирлөөнүн негизинде окуучулардын билимин жыйынтыктоочу бирдиктүү системалык баалоону киргизүү;
- контролдоо методдорун балдардын чыныгы окуу мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык колдонуу;
- билим берүү процессинде мамлекеттик стандартты ишке ашыруу үчүн кыйла натыйжалуу каражаттарды издөө, тесттик тапшырмалардын ар кандай түрлөрүн пайдалануу, аларды түзүүгө талаптарды иштеп чыгуу;
- окуучулардын окуу компетенцияларын калыптандыруу үчүн жыйынтыктоочу тесттик контролдоо формасын колдонууда мүмкүн болуучу

тобокелдиктерди аныктоо жана аларды минималдаштыруу жолдорун аныктоо;

- окуучуларды окутуунун натыйжаларына карата баалоо, мугалим менен кайтарым байланыш жана отчеттуулук формаларын колдонуу.

## II. **Стандартташтырылган тесттерди колдонуу боюнча мугалимдерге Нускама**

5. Стандартташтырылган тестирлөө - бул 4-класстын окуучуларынын окуу жылынын чейректери, катмарлары, жаш өзгөчөлүгү, окутуу тилдери жана башкалар боюнча акыркы жетишкендиктерин аныктоочу баалоо куралы.

6. Стандартташтырылган тесттердин мазмуну өзүнө өткөрүүнүн бирдиктүү шарттарын, мамлекеттик стандартка/предметтик стандартка, баалоонун жана интерпретациялоонун жол-жоболоруна ылайыктуулугуна адаптацияланган тесттик суроолорду камтыйт, натыйжалар мурдатан аныкталган стандарттык ыкма менен бааланат:

- 4 - класстын бардык окуучуларына бирдей шарттарда аткаруу үчүн үч багыт боюнча тесттин варианттары даярдалган;
- окуучулардын билимин баалоого карата бирдиктүү мамилелер иштелип чыкты;
- жыйынтыктоочу өлчөө материалдары (тест) окуучулардын баалары мектеп үчүн да, жалпы республика үчүн да билим берүүнүн жетишкендиктери жөнүндө ишенимдүү жана так маалымат беришин камсыздайт.

7. Стандартташтырылган тесттер мугалимдерге окуучулардын жетишкендиктерин башка мектептердин же класстардын рейтингинде салыштырууга мүмкүндүк берет. Бул алардын окуучуларына стандарттардын талаптарын аткарууга жардам берүү үчүн зарыл болгон учурларда, окуу ыкмаларын кайра карап чыгууга жардам берет:

- Окуучуларга өздөрүнүн ийгиликтерин көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Окуучуларга баалары жөнүндө ой жүгүртүүгө жана алардын күчтүү жана алсыз жактары кандай деңгээлде экенин көрүүгө мүмкүнчүлүк берилет;
- Ата-энелерге баласынын билим алуудагы жетишкендиктери жөнүндө маалымат берүүгө мүмкүндүк алат. Баалоо ата-энелерге баласынын башка теңтуштарына салыштырмалуу окуудагы жетишкендиктери жөнүндө түшүнүк берүүгө жардамдашат.

8. Стандартташтырылган тесттерди иштеп чыгуунун негизи болуп Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты жана анын негизинде иштелип чыккан предметтик стандарттар (Мамлекеттик стандарт) эсептелет.

9. Мугалим иш процессинде мамлекеттик стандарттын талаптарынын негизинде окуучулардын негизги предметтик компетенттүүлүгүнүн калыптанышын өнүктүрүп, алардын жетишкендиктерин үч деңгээл боюнча баалоого тийиштүү:

- 1-деңгээл (репродуктивдик), ал окуучулардын үлгү боюнча жүрө билүүсү менен мүнөздөлөт (иш-аракетти аткаруунун белгиленген алгоритми);
- 2-деңгээл (продуктивдүү), ал курамы боюнча жөнөкөй иш-аракеттерди жүргүзүү, иштин үйрөнгөн алгоритмин жаңы кырдаалда колдонуу мүмкүнчүлүгү менен мүнөздөлөт;
- 3-деңгээл (креативдик), ал өз алдынча конструкциялоонун жана негиздөөнүн элементтери менен татаал курамдагы ишти жүзөгө ашырууну билдирет.

**10. Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар улуттук борбору** 4-класстын окуучуларын (1 жана 2-чейрек) жыйынтыктоочу тестирлөөнүн **санарип форматын сайтына жайгаштырат жана өзүнүн сайтындагы "Стандартташтырылган тесттер" барагына орноштурат.**

11. Мектептин администрациясы жана мугалим жыйынтыктоочу тестирлөөнүн бардык этаптарында акысыз негизде жүргүзүлөрүн, окуучулардын ата-энелеринен тесттерди басып чыгарууга, канцелярдык товарларды сатып алууга жана тестирлөө өткөрүү менен байланышкан башка иш-чараларга каражат чогултууга катуу тыюу салынарын унутпашы керек.

12. Мектептин администрациясы же мугалими **Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар улуттук борборунун** сайтынан контролдук өлчөө материалдарын өз алдынча жүктөп алат.

- Мектептин администрациясы же мугалим "Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар улуттук борбору" сайтын ачып кирет, шилтемеси https://ncokoit.kg/;
- 1 жана 2 чейректик тапшырмалардын ар бир этабы ушул сайт аркылуу санарип форматта берилет;
- “СТАНДАШТЫРЫЛГАН ТЕСТТЕР” барагын таап, тесттерди жүктөө процессин жүргүзөт.

13. Тестирлөө кагаз түрүндө жүргүзүлөт.

**Окуучулардын иштерин тариздөө боюнча сунуштар:**

- Мугалим класстагы ар бир окуучу үчүн тесттерди өзүнчө окуучунун фамилиясы жана аты, класстын литерлери жана окуу жылын көрсөтүү менен басып чыгарышы керек.

Тестирлөөнүн суроолору түстүү иллюстрациялар менен берилген учурда тесттерди түстүү эмес форматта басып чыгаруу зарыл, мында түстүү форматты доскада электрондук форматта демонстрациялого болот.

14. Мугалим жыйынтыктоочу тестирлөөнүн жыйынтыктарын тапшырмалардын форматына жараша төмөнкү максималдуу упайлар боюнча баалайт:
- жабык (бир туура жоопту тандоо менен) - 1 упай;
- жабык (бир нече туура жоопторду тандоо менен) - 2 упай;
- ачык (кыска жана кеңири жооптор менен) - 2 балл;
- жооптордун туура ырааттуулугун орнотууга - 2 балл;
- шайкештикти аныктоого - 2 балл.

15. Багыттар боюнча тесттик тапшырмалардын туура жооптору менен ачкычтар тестирлөө өткөрүлгөндөн кийинки күнү ББСБЖМТУБдун сайтына жүктөлөт.

16. Окуучулардын жыйынтыктары беш баллдык система боюнча бааланат. Окуучулардын иштерин текшерүү класстын мугалими тарабынан төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

1-таблица:

| Окуучулардын программаны өздөштүрүүсүнүн сапатынын катышы % | Жетишкендиктердин деңгээли | Беш баллдык шкала боюнча баалоо |
|---|---|---|
| 75-100% | креативдүү | «5» |
| 66 -74% | продуктивдүү | «4» |
| 50 -65 % | репродуктивдүү | «3» |
| 50% төмөн | репродуктивдүү деңгээлден төмөн | «2» |

17. Стандартташтырылган тесттер иштелип чыкты жана эне тили (кыргыз, орус жана өзбек), математика жана “Мен жана дүйнө” предметтери боюнча 4-класстын окуучуларынын окуу-предметтик компетенттүүлүгүн баалоо үчүн колдонулат.

18. Ушул Нускаманын 17-пунктунда көрсөтүлгөн ар бир предмет боюнча суроолордун саны жана стандартташтырылган тесттерди өткөрүүгө убакыт төмөнкүдөй тартипте бөлүштүрүлөт:
- 1-чейрек ичинде тестирлөө 10 суроо боюнча өткөрүлөт (ар бир предмет боюнча);
- 2-чейрек ичинде тестирлөө 12 суроо боюнча жүргүзүлөт (ар бир предмет боюнча).

2-таблица:

| **Сессиялар боюнча иштердин түрлөрү** | **Тестирлөө жайлары тестирлөө үчүн бош болуу убактысы** | **Тестирлөө ишин аткарууга окуучуларга бөлүнгөн убакыт** |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| **1-чейрек** (бардык тестирлөөгө бөлүнгөн предметтер боюнча) | | |
| Классты даярдоо | 5 мүнөт (болжол менен) | 5 мүнөт (болжол менен) |
| 1 - Сессия.<br>Мугалим тестирлөө боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзөт | 5-10 мүнөт (болжол менен) | 5-10 мүнөт (болжол менен) |
| 2- Сессия.<br>**Тестирлөө** | **20** мүнөт **(так)** | **20** мүнөт **(так)** |
| Тестирлөөнү бүтүрүү | 10 мүнөт (болжолдуу) | 10 мүнөт (болжолдуу) |
| **2-чейрек** (бардык тестирлөөгө бөлүнгөн предметтер боюнча) | | |
| Классты даярдоо | 5 мүнөт (болжол менен) | 5 мүнөт (болжол менен) |
| 1 - Сессия.<br>Мугалим тестирлөө боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзөт | 5 мүнөт (болжол менен) | 5 мүнөт (болжол менен) |
| 2- Сессия.<br>**Тестирлөө** | **25** мүнөт **(так)** | **25** мүнөт **(так)** |
| Мугалим тестирлөөнүн жыйынтыгын чыгарат, тесттик тапшырмаларды чогултат, дене тарбия мүнөттөрүн өткөрөт же таза абада сейилдейт | 10 мүнөт (болжолдуу) | 10 мүнөт (болжолдуу) |

19. Мугалимге тапшырмаларды аткарууга төмөндө көрсөтүлгөн багыт берүүчү убакытты эске алуу менен окуучулардын компетенттүүлүк деңгээлин изилдөөгө мүмкүнчүлүк берилет:

- репродуктивдүү деңгээл – 1 мүнөт;
- продуктивдүү деңгээл – 2,5 мүнөт;
- креативдик деңгээл-3 мүнөт.

20. Мугалим тестирлөө учурунда санитардык эрежелерди жана ченемдерди сакташы керек, мындан тышкары балдардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында сабактардын нөөмөттүүлүгүн жана расписаниесин өзгөртпөө катуу сунушталат. Ар бир предмет боюнча тестирлөөдөн кийин (дене тарбия мүнөттөрүн өткөрүп, сабакты калыптанган режимде бүтүрөт. Мектеп окуучуларынын чарчап калуусуна жол бербөө үчүн тестирлөө 1-4-сабактарда өткөрүлөт, 5-сабакка өткөрүү сунушталбайт.

## III. **Жыйынтыктоочу тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн Отчету боюнча нускама**

21. 4 - класстын окуучуларын жыйынтыктоочу тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча Отчет (мындан ары - Отчет) райондук же шаардык билим берүү бөлүмүнүн жооптуу адиси (мындан ары - жооптуу адис) тарабынан санариптик форматта толтурулат жана улуттук борборго жөнөтүлөт.

22. Жалпы билим берүү уюмдары быйылкы окуу жылынын 1-жана 2-чейрегинде өткөрүлгөн жыйынтыктоочу тестирлөөнүн жыйынтыктары боюнча отчетторду райондук же шаардык билим берүү бөлүмүнүн жооптуу адисине экинчи же үчүнчү күнү онлайн форматта (райБББ/шаарБББ электрондук почтасына) беришет.

23. ББСБЖМТУБга жооптуу адистердин Отчеттору 2 этап менен берилет:

- биринчи этап - 1 - чейрек үчүн Отчет. Отчетту тапшыруу мөөнөтү 5-декабрдан кеч эмес;
- экинчи этап - 2 - чейректин Отчету. Отчетту тапшыруу мөөнөтү 25-декабрдан кеч эмес.

24. Баалоону өткөрүү жана отчетту берүү алгоритми төмөнкүдөй:

- 19-декабрында - тест тестирлөө борборунун сайтына жайгаштырылат жана мектептер окуучулардын санына жараша чыгарат жана даярдоо иштерин аткарат;
- 20-декабрында - тестирлөө өткөрүлөт (1 жана 2 смендерде);
- 21-декабрында - тесттин ачкычтары жүктөлөт жана мектептер отчетторун РБББ/ШБББга жиберет;
- 22-декабрында - РБББ/ШБББ отчетторду жалпылайт;
- 25-декабрында – санариптик отчетту Тестирлөө борборуна саат 16:00 чейин жөнөтүү.

25. Отчеттун ар бир этабы сайт аркылуу санарип форматта берилет. отчетту берүү "Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар улуттук борборунун" тарабынан РБББ/ШБББ ватсап группасына шилтемеси жүктөлөт, ошол жүктөлгөн шилтеме аркылуу отчет берилет.

26. Жооптуу адистер Отчет бир гана жолу берилерин, отчетту бир нече этапта жөнөтүүгө тыюу салынарын эстен чыгарбашы керек. Андыктан көңүл буруп, туура эсептөө жүргүзүү зарыл.

27. Отчетко ведомстволук таандыктыгына карабастан райондун/шаардын аймагында жайгашкан мамлекеттик жана муниципалдык менчик формасындагы жалпы билим берүү уюмдарынын (адистештирилген программалар боюнча окуган класстардан жана мектептерден тышкары) бардык класс-комплекттерин камтуу менен 4-класстар боюнча сандык көрсөткүчтөр киргизилет (Мисалы: (1) Эгерде Талас облусунун Бакай-Ата районунун аймагында Жумагулов атындагы зээндүү балдар үчүн Манас лицейи жайгашкан болсо, бул мекеме да тестирлөөдөн өтүп, жыйынтыгын жалпылоо үчүн Бакай-Ата райондук билим берүү бөлүмүнө тапшырат, (2)

Эгерде Ош шаарында У.Салиева атындагы таланттуу балдар лицейи жайгашкан болсо, бул мекеме тестирлөө өткөрө албайт, анткени балдарды 4 - класска кабыл алууну жүргүзбөйт, (3) Эерде Бишкек шаарынын аймагында № 21 мектеп-интернаты жайгашкан болсо, анда бул мекеме тестирлөө өткөрө албайт, анткени окутуу адистештирилген программа боюнча жүргүзүлөт жана у.с.).

28. Отчетто сандык маалыматтарды көрсөтүү зарыл ***(Форма ушул Нускаманын 1-тиркемесинде тиркелет),*** ал өзүнө класс-комплекттерди жана окуучулардын санын, негизги жалпы билим берүү программалары боюнча балдар окуган класстарды камтыйт, алар мектептин жана ИСУО маалыматтары менен так дал келет.

29. Отчетко атайын жалпы билим берүү программалары боюнча окуган класстар киргизилбейт.

30. Тестирлөөнүн материалдары (окуучулардын) иши мектептин архивинде 2-жылдык мөөнөт менен сакталат.